УДК 321.013
DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-445-451

**СЫДЫКБАЕВ Ч.М., СҮЙМӨНОВА Ж.М., ОРМОНБЕКОВА Ж.Ы.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**СЫДЫКБАЕВ Ч.М., СУЙМОНОВА Ж.М., ОРМОНБЕКОВА Ж.Ы.**
КНУ имени Ж. Баласагына
**SYDYKBAEV CH.M., SUIMONOVA J.M., ORMONBEKOVA J.Y.**
KNU J. Balasagyn

# БОРБОРДУ КОТОРУУ – ЭКОЛОГИЯЛЫК, ДЕМОГРАФИЯЛЫК ЖАНА САЯСИЙ-СОЦИАЛДЫК ЧЫҢАЛУУНУ ТОКТОТУУНУН ЖАЛГЫЗ ЖОЛУ

## ПЕРЕНОС СТОЛИЦЫ – ЕДИНСТВЕННЫЙ СПОСОБ ПОЛОЖИТЬ КОНЕЦ ЭКОЛОГИЧЕСКОЙ, ДЕМОГРАФИЧЕСКОЙ И ПОЛИТИКО-СОЦИАЛЬНОЙ НАПРЯЖЕННОСТИ

## RELOCATING THE CENTER IS THE ONLY WAY TO PUT AN END TO ENVIRONMENTAL, DEMOGRAPHIC, AND POLITICAL-SOCIAL TENSIONS

«Эскини эптейм деп эсиң кетет, жаңысын кур»
(Элдик накыл)

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада Кыргызстандын борбор калаасына тийиштүү көйгөйлөрдү чечүүнүн жолдору сунушталат. Борбор калааны Кочкор районуна көчүрүү менен бир катар: социалдык, экологиялык, демографиялык керек болсо аскердик маселелерди чечип алуу мүмкүндүгү аналитикалык негизде сунушталат. Сунушталган аймактын артыкчылыктуу жактары, айрым геосаясий, географиялык факторлор талданат жана тийиштүү сунуштар берилет. Ошондой эле макалада автор өзүнүн жүйөөлөрүн бир катар чет элдик жана ата мекендик окумуштуулардын илимий гипотезаларын мисал келтирүү менен бекемдейт.

**Аннотация:** В статье предлагаются способы решения проблем, касающихся столицы Кыргызстана. Наряду с переносом столицы в Кочкорский район, на аналитической основе предлагается возможность решения социальных, экологических, демографических проблем. Анализируются приоритеты предлагаемой территории, некоторые геополитические, географические факторы и даются соответствующие рекомендации. Также в статье автор подкрепляет свои аргументы примерами научных гипотез ряда зарубежных и отечественных ученых.

**Abstract:** The article suggests ways to solve the problems concerning the capital of Kyrgyzstan. Along with the transfer of the capital to the Kochkor district, the possibility of solving social, environmental, and demographic problems is proposed on an analytical basis. The priorities of the proposed territory, some geopolitical and geographical factors are analyzed and appropriate recommendations are given. Also in the article, the author supports his arguments with examples of scientific hypotheses of a number of foreign and domestic scientists.

**Негизги сөздөр:** Кыргызстан; капитал; көйгөйлөр; коомдук; демографиялык; экологиялык; капиталды которуу; Кочкор району.

**Ключевые слова:** Кыргызстан; столица; проблемы; социальные; демографические; экологические; перенос столицы; Кочкорский район.

**Keywords:** Kyrgyzstan; capital; problems; social; demographic; environmental; transfer of the capital; Kochkor district.

Кыргызстан эгемендикке жетишкен 34 жылдан бери башкалаада көйгөйлөр көбөйө берип кабат-кабат болуп кетти. Бишкек шаары негизи 500 миң кишиге эсептелген. 2024-жылдын декабрь айында Жогорку Кеңештин тармактык комитетинин жыйынында энергетика боюнча эксперт Э. Карыбеков борборду Кочкор районуна көчүрүүнү сунуш кылды.

«Проблемы Бишкека со смогом и пробками требуют комплексного, системного подхода. Как в Казахстане сделали с Алматы и Астаной, – привел он тогда пример и объяснил плюсы переноса столицы в Кочкорскую

долину. – [Там], по новой дороге Север-Юг, поместятся пять Бишкека с аэропортами. Это центр Кыргызстана, [есть] готовая инфраструктура. В 60-80 км можно построить ТЭЦ Кара-Кече. Если надо, она возводится быстро. Вдоль автомобильной дороги проходит линия электропередачи Датка-Кемин в 500 КВт. На расстоянии локтя – Иссык-Куль, Сон-Куль, Чатыр-Куль и другие озера, красивые джайлоо», деп айтылат анын сунушу тууралуу басма сөздө таркаган маалыматта. [6]

Э. Карыбековдун борборду Кочкорго көчүрүү боюнча сунушу көп жагынан жөндүү. Мен бул боюнча Кочкор өрөөнүнүн эксперт санап өткөн артыкчылыктарынан башка факторлоруна токтолуп кетүүнү туура көрүп турам.

Азыркы Бишкектин башкы планы 60-жылдары түзүлүп, бир нече жолу өзгөртүлгөн, ал ошол замандын чен-өлчөмдөрү менен курулган. Ал учурда ордо калааны 40тан ашык жаңы конуш курчап калаары ойго да келбесе керек. Азыр алардын саны 99га жетти.

Бишкек шаарынын жолдору 40 миң автоунаага ылайыкталган болсо, азыр алардын саны 427 миң. Эгер жаңы борбор азыр пландалып долбоорлонсо, ал заманбап көз караш, шаар куруунун 1950-60-жылдардагы стандарттары менен эмес, азыркы замандын талаптарына шайкеш илимий жактан негизделип, эл аралык адистер менен биргелешип даярдалмак. Улуттук илимдер академиясында окумуштуу техника илимдеринин доктору В.С. Энгелшт «Горение графита» деген илимий долбоорун ийне-жибине чейин изилдеп, эсеп-чотун чыгарып, айтып, ар кайсы аткаминердин эшигин кагып какшап жүрүп өтүп кетти. Ал Кара-Кече кенин казып ташыбай, жеринде шахта куруп жер астынан күйгүзүп газ кылып, түтүктөр менен тартып келип Ысык-Көл, Нарын, Чүй облустарын газ менен 300 жыл камсыз кылса болот деп илимий жактан негизделген долбоор сунуш кылган. Мен билгенден ал долбоор азыр анын уулунун колунда. Кара-Кече менен Кочкордун ортосу 90 чакырымга жакын.

Аталган өрөөн боюнча дүйнөлүк география, геосаясат илиминде да кызыктуу гипотезалар белгилүү.


Айтсак, англиялык окумуштуу географ, кийин геосаясат илиминин негиздөөчүсү Х. Макиндер «Хартленд» (дүйнөнүн жүрөгү, борбору) деген түшүнүктү киргизген. Анын пикири боюнча «Хартленд» Евразиянын борбордук бөлүгүндө тоолуу аймакта жайгашкан. Илимпоз жана геосаясатчы “ким «Хартлендге» ээлик кылса, ал дүйнөгө ээлик кылат” [4, с. 227] деп баса белгилейт.




Ал эми ата мекендик окумуштуу, геология жана минералогия илимдеринин кандидаты, доцент М.Н. Суюнбаев Х. Макиндердин концепциясын андан ары улантып, географиялык меридиан, координаттар боюнча эсептеп чыгып, «планетанын борбору Балыкчы шаарынан 42 чакырым түштүк-батыш тарапта, Кочкор кыштагына жакын жер» [1, с. 69-70] деп өзүнүн «Геополитические основы национальной безопасности Кыргызстана» деген илимий эмгегинде жазганы бар:

«Центр континента Евразия находится в районе вблизи озера Сонкуль в Кочкорском районе Кыргызстана (малоизвестный факт). Это нетрудно проверить: сложить широту юга и севера континента, разделить пополам, на этой широте (примерно 40°с.ш.) сложить долготу западной Испании и восточной части Японии и также сложить пополам. Из-за искажений картографических проекций на плоскость, визуально кажется, что центр Евразии находится на северо-востоке Казахстана. Следовательно, регион,

включающий в себя Казахстан, Кыргызстан, Таджикистан, Туркменистан, Узбекистан, является географическим центром планеты (т.к. Евразия – самый большой континент), но при этом до сих пор не имеет общепринятого наименования на научной основе». [7]





Автор деги эле чөлкөмдүн «Борбор Азия жана Казакстан» деп аталышына каршы анын ордуна «Борбордук Евразия» деп атоо анын географиялык жайгашуусуна толук жооп берерин белгилейт:

«Понятие «Центральная Азия» в отношении анализируемого региона абсурдно в силу следующих причин.

1. Регион географически расположен не только в Азии, но и в Европе (территория Казахстана западнее р. Эмба) – это сведения из учебника географии за 7 класс.
2. Центр Азии находится в Турфане (Синьцзянь) – за пределами региона, «обзываемого» сейчас «Центральная Азия»! Никто же не называет НАФТА «Латиноамериканским Союзом». Хотя вроде и в Америке, и Мексика – латиноамериканская страна. А здесь: часть Казахстана – в Европе, центр Азии в Синьцзяне – и вот вам: «Центральная Азия».
3. Страны региона находятся и в европейских структурах – ОБСЕ, EuropeAID/TACIS, ЕБРР.
4. Страны региона находятся и в евразийских структурах – СНГ, ОДКБ, ЕврАзЭс, ТС, ШОС, ОИК, СВМДА, ЕЭП.
5. Страны региона не входят ни в одну чисто азиатскую структуру. В Азиатский банк развития входят Австралия, страны Океании и евразийский Казахстан. В Исламский банк развития входят европейская Албания, исламские страны Африки, евразийские Казахстан и Турция.
6. В культурологическом отношении народы региона представляют собой и Азию, и Европу: европейский стиль образования. Кто из жителей региона сомневается, пусть попробует сходу назвать 5 великих китайских художников, 5 великих индийских писателей и 5 великих японских композиторов. Уверен, что, например, с немецкими композиторами, французскими писателями и итальянскими художниками у местного читателя проблем будет намного меньше». [7]

Ал эми Кочкор району жөнүндө айтсам, география илиминде өрөөн деген түшүнүк бар. Өрөөн – бул айланасын тоолор курчаган түздүк. Кыргызстанда мындай өрөөндөр саналуу. Мисалы, түштүктө Токтогул өрөөнү, түндүктө Кочкор өрөөнү. Кочкор Кыргызстандын борбордук бөлүгүндө жайгашкан, Түндүк-Түштүк альтернативдик жолу келгени тогуз жолдун тоомуна айланды. Жогоруда белгиленгендей, негизи борбор шаар кылууга ыңгайлуу эки өрөөн бар: бири түштүктө жайгашкан ал Токтогул району, экинчиси ушул Кочкор району. Токтогулда стратегиялык мааниси бар Токтогул суу сактагычы жайгашып, түздүгүнүн көпчүлүк бөлүгүн суу басып турат.

Э. Карыбековдун сунушунун тарыхый да негизи бар. 1920-жылдардын башында республиканын борборун аныктоо боюнча добуш берүүдө Кочкор району да коюлуп, аз гана добуш менен өтпөй калганын тарыхчы, профессор З. Курманов өзүнүн «Политическая борьба в Кыргызстане в 1920 годы» [5, с. 37-39] деген эмгегинде айтып өтөт. Ал эми ага чейин Кочкор кыштагы город Столыпино деп аталып, бир убакта 70 күн бою Кыргызстандын борбору болгон.



Эл аралык эксперттердин божомолунда, жакынкы эле он жылдыкта дүйнөдө климаттык миграция күч алат. Жер шарынын айрым аймактарында күндүн табы кескин ысып, жашоого жөндөмсүз боло баштайт. Ошол өлкөлөрдөн жумуш издеп эмес, жан багууну башкы максат кылып миңдеген адамдар, үй-бүлөлөр толуу, суу башындагы аймактарга агылат. Ата мекендик айрым эксперттердин божомолунда, биздин өлкөгө 1 миллиондон 1,5 миллионго чейин «климаттык мигранттар» агылып кирет. [9, с. 22, 29] Ал жүрүмдүн айрым белгилерин азыр деле байкасак болот.

Айрым эколог-географ окумуштуулар Бишкек шаарына күч келе берип абал жыл санап оорлоп баратканын белгилешет: “Акыркы 14-15 жылдын ичинде урбанизация агымы (темпи) будун-чаңга (стихия) кептелди. Шаардын айланасында обочолонгон "микрорайондор" пайда болуп, алардын көпчүлүгү бир кабаттуу үйлөрдөн туруп, эч кандай инфраструктураны эске албастан курулуп, шаардын санитардык-эпидемио-логиялык жана экологиялык абалы-нын курчушуна (төмөндөшүнө) альп келди” дейт. [12, с. 95-98] М.М. Дылдаев өзүнүн илимий макаласында.

Азыр Бишкек шаарына туш тараптан күч келип, чыңалуу күчөп баратат. Бүтүндөй кичирайондор салынып жатат. Бара-бара аларды шаардын тазалоо шаймандары, канализациясы, суу түтүктөрү, суу менен камсыз кылчу резервуарлар көтөрө албай калчу учур деле алыс эмес. Бул Бишкек шаарындагы кышкы ыш менен жол тыгынын айтпагандагы көйгөйлөр. Бул түбөлүккө созулушу мүмкүн эмес. Бишкек тургай республиканы бага турган, түшүмдүүлүгү жогору Чүй өрөөнү ички жана тышкы миграциядан жабыр тартып жатат. Бул өз кезегинде улуттук коопсуздукка, тагыраагы тамак-аш коопсуздугуна коркунуч жаратат. [3, 367-369-бб.]

Абал ушул бойдон кала берсе мамлекет Бишкектин батыш тарабындагы Сокулук районуна караштуу жүздөгөн гектар түшүмдүү жерлерде турак жай салууга да уруксат берүүгө аргасыз болот. Бишкек батышты көздөй гана өсө алат, башка жол жок. Бул болсо өз кезегинде тамак-аш коопсуздугуна коркунуч жаратат. Демек, жакынкы эле келечектеги тамак-аш коопсуздугунун зарылчылыгынан да борборду которууну пландоо ишин баштоо максатка ылайыктуу. Планетанын калкынын саны 9 миллиардга жетсе, жер адамдарды бага албай калат деген да божомол бар. [3, 4-45-бб.]

Эми Кочкор районуна борборду көчүрүүнүн ыңгайлуулугунун бир нече себептерин айта кетели. Кочкор өрөөнүнүн узундугу 88, туурасы 22 чакырым. Кышы катаал эмес, кар дээрлик жатпайт. Жеринин түшүмдүүлүгү аз, демек түздүктөрдөгү айдоо аянттарына кылчактабай туруп шаар долбоорлосо болот. Түркия, Италиядагыдай адырларды, бөксө тоо беттерин да турак жай куруш үчүн көбүрөөк колдонсо болот. Дыйканчылыктын ордуна багбанчылыкка басым жасоо зарыл. Себеби, алма, өрүк, алмурут, карагат, малина – баары бышат. Кар жаабас кара Кочкордон башталган Чу дарыясы өрөөндү так ортосунан башынан аягына чейин жарып өтөт жана аны эки жээги токойго айланган. Сөөк, Каракол капчыгайлары жана Кызарт тараптан соккон жел илгери эле “Үч Көөрүк” деп аталып өрөөндүн батышынан чыгышына карай шамаал согуп табигый вентиляция милдетин аткарат. Күн дайым тийип тургандыктан жана Кочкордун кара шамаалы ар дайым согуп тургандыктан желден, кундөн алынчу кубат булактарын көбөйтүүгө шарттар жетиштүү. Балыкчыдан Кочкорго темир жол баратат. Ал жол андан ары түштүккө чыгып, Жалал-Абад, Ош аркылуу өтүп, Баткенди аралап кайтат. Союз убагында бул маршрут Тажикстандын

Канибадам шаарына чейин барчу, Баткенге Канибадам аркылуу жетчүбүз. Ал жакта мурдагы Жалал-Абад-Фрунзе темир жолуна кошулушу стратегиялык жактан маанилүү.

Бир кезде борборду Ошко көчүрүү боюнча идеялар көп айтылган. Бирок ал идеялар коопсуздук жагдайын эске алган эмес. Дүйнөдө бир тууган катары кабыл алынып келген мамлекеттер да айыгышкан согушка өтүп, касташып калышты. Өлкөнүн түштүгүндөгү коңшулар менен мамиле татаалдашып кетпешине кепилдик жок. Эгерде согуштук кырдаал түзүлсө, өлкө борбору бир заматта изоляцияда, блокадада калып калуу тобокелдиги бар. Мындай шартта мамлекеттин борбору Ош, Баткен облусунда жайгашканы опурталдуу. [9, с. 84-89]

Ошондуктан борборду көчүрүү боюнча илимий негизделген сунуштардын ичинен Токтогул шаарчасын же анын тегерегин ылайык көргөн адистердин да пикирлери эске алууга татыктуу. Атап айтсак, Кыргызстандын Улуттук илимдер академиясынын Мамлекет жана укук институтунун изденүүчүсү Жыргалбек Касаболотов «Кыргыз Республикасындагы күч түзүмдөрүнүн функционалдык дисбаланс маселеси» аттуу макаласында негизинен коопсуздук жаатындагы бир нече жагдайды, ошондой эле Бишкек жана Ош шаарларынын ашыкча жүктөмүн, логистикалык жана башка факторлорду эске алуу менен борборду Токтогулга көчүрүүнү сунуш кылган. [2, 52-53-бб.]

Чындыгында эле Токтогул менен Кочкор аскер күчтөрүн жайгаштыруу, өлкөнүн түпкүрүнө дислокациялап кайра жайгаштыруу, тездик менен жылдыруу маселесинде да ыңгайлуу. Чек ара аскерлерине борбордогу негизги аскердик контингенттен көмөк өлкөнүн бардык аймактарына тез жетиши өзгөчө маанилүү. Кочкордон жаңы курулган жол менен Ошко 5 саатта, Баткенге 7 саатта, Жалал-Абадга 4 саатта аскер күчтөрүн жеткирсе болот.

Кыргызстан – тоолуу өлкө, анын аймагынын 90% ашыгы тоолордон турат. Тоолуу шартта согушууга ылайыкталган, мыкты даярдыктагы жөө аскерлер бөлүктөрүн жайгаштырууга эң ылайыктуу (негизги түздүктөн башка да) чоң коктулар, капчыгайлар Кочкор өрөөнүндө жетиштүү. Себеби аскерлерди даярдоодо классикалык салттарды тоолуу шартта аракеттенүү менен айкалыштырып даярдоо зарылдыгы бышып жетилгенине көп болгон. Кыргызстандын аскердик доктринасы тоолуу согуш талаасына ылайык түзүлүшү керек экенин мындан бир нече жыл мурун эле аскер эксперти Леонид Бондарец жазып чыккан жайы бар. [8, с. 26]

Эске ала турган дагы бир жагдай: Нарын облусу – Кыргызстанда аймагы эң чоң, бирок калкынын жыштыгы эң төмөн аймак. Демографиялык гигант Кытай менен чектешкен Ат Башы районунун эле аймагы Чүй облусунан чоңдук кылат. Демографиялык потенциалы жана тынч экспансия саясаты менен бүт дүйнөнү сестенткен улуу Кытай коңшубуз менен чектешкен облуста жаңы борбор жайгашып, ал жак социалдык-экономикалык, демографиялык жактан өнүгүшү да стратегиялык чоң мааниге ээ.

Миграциялык процесстердин негизги себебин география илимдеринин доктору М.М. Дылдаев түшүндүрөт:

Кыргыз Республикасындагы миграциялык процесстерде социалдык-экономикалык фактор басымдуулук кылып жатат, ал өлкөдөгү экономикалык туруксуздуктан келип чыгат, б.а. жумуш орундарынын жоктугу, жашоо деңгээлинин төмөндүгү жана жакырчылыктын жогорку индекси өлкөнүн жарандарын жакынкы жана алыскы чет өлкөлөргө жумуш жана жакшы жашоо издөө үчүн жөнөтүүгө мажбур кылууда. [11, с. 2] Бул фактор тоолуу Нарын регионуна өзгөчө мүнөздүү болуп саналат жана өлкөдө территориясы эң чоң бирок калкы эң аз, андан калса, Кытай менен чектешкен өлкөдө элдин саны азая бериши коопту.

Элде «эскини оңдоп эсиң кетет, жаңысын кур» деп таамай айтылган сөз бар. Эн башкысы - каалоо жана саясий эрк болсо, өлкөдө көп нерсени өнүктүрсө болорун азыркы бийлик көп жагынан көрсөтүп жатат. Бул 15-20 жылда ишке ашчу узак мөөнөттүү долбоор. Ал тургай балким жаңыдан Асман шаарын салуу боюнча долбоорго жумшалган күчтү Кочкор районуна багыттоо алда канча максатка ылайык болушу мүмкүн. Анткени Ысык-Көлдүн күңгөй жагында туризм ансыз деле өнүккөн, ага мындан ары күч келтирүү экологиялык зыян менен коштолушу ыктымал. Анын үстүнө Ысык-Көлдүн кире бериши, туристтер үчүн аймактын жүзү болгон, бирок өнүгүшү дээрлик советтик мезгилде калган Балыкчы шаарын, кышкы туризмдин борборуна айланып бараткан Каракол шаарын заманбап деңгээлде өнүктүрмөйүнчө Ысык-Көл облусунда кайсы бир жаңы шаар салуу өзүн акташы күмөн. Эгер Кочкор району борбор болсо ага канаатташ жайгашкан чыгыш

тарабындагы Тоң, батыш тарабындагы Жумгал райондору жана Балыкчы шаары табигый түрдө интенсивдүү өнүгүп баштайт. Орто Токой суу сактагычынын түштүк тарабын да уникалдуу кичи райондорго айландырууга болот.

Акыркы 4 жылда өлкөгө инвестициялардын агымы болуп көрбөгөндөй өстү. Биз үчүн борборду которуу улуттук мегадолбоор болсо, эл аралык коомчулук үчүн геосаясий долбоор катары сигнал болот. Анын геосаясий, экологиялык жактарын туура негиздесе эл аралык уюмдар, эл аралык коомчулук да инвестор болушу мүмкүн. Келечекте Жетим Тоо темир (бул кендин эбегейсиз көп запасы, Кочкордогу алюминий кенинин маркасы жөн алюминий эмес ал самолётторду жазоого керектүү дюралюминий экени белгилүү) жана Сандык алминий кендерин иштетүү пландалууда, бул кендердин болушу эле өнөр жайын өркүндөтүүнүн чоң потенциалы бар экенин далилдеп турат. Бул идеяны долбоорлоого “Дордой” ассосациясы (А. Салымбеков,) “Авангард-Имарат”(К. Султанов), “Юнис-Курулуш” (Р. Ирсалиев), Ак Сөөк, Татыр, Ак Суу базары”(М. Байтерекова), “Беш-Сары” (К. Жолдошбаев), “Акун компаниясы”, “Зергерлер жана ишкерлер союзунун президенти С. Акматов, “Эмарк-групп” (Ч. Акматов), Н. Түлеев, А. Жапаров, М. Абылгазиев сыяктуу ж.б. Нарындын көрүнөө-көмүскө олигархтары активдүү түрдө тартылышы керек. Бул алардын атуулдук парзы кыргызда жакшы сөз бар: жабыла көтөргөн жүк жеңил болот” деген. Себеби алардын кичи мекенине чындап жүз бура турган учуру эми келди.

Эң башкысы мындай ири улуттук долбоор саясий бийликтин келечегин кеңейткен, аракеттеги бийликтин даңазасын кылымдарга арттырган, эң башкысы – улуттук кызыкчылыкка шайкеш, тарыхый чечим болмок.

**Колдонулган адабияттар**

1. Суюнбаев М.Н. Геополитические основы национальной безопасности Кыргызстана. – Бишкек: КНУ, ИМООП, 2005, 69 с.
2. Касаболотов Ж. Кыргыз Республикасындагы күч түзүмдөрүнүн функционалдык дисбаланс маселеси // «КР УИАнын кабарлары», №5, атайын чыгарылыш, 2024, 52-53-бб.
3. Закиров А.З. Кыргызстандын азык-түлүк коопсуздугу: монография. – Бишкек, 2014, 367-369-бб.
4. Макиндер Х. Географическая ось истории // ЛИТРЕС. Серия “Мировой порядок”, 2021, 02 июля, с. 227.
5. Курманов З. Политическая борьба в Кыргызстане в 1920-е годы: монография, 1996, с. 37, 39.
6. Freedom broker. – Режим доступа: https://kz.kursiv.media/2025-01-23/zmzh-stolitsa-perenos/
7. Суюнбаев М.Н. О новом географическом открытии Центральной Азии на карте // CAAN/ Central Asian Analytical Network/ 23 мая 2017. – Режим доступа: https://www.caa-network.org/archives/9124
8. Бондарец Л. Военная реформа в Киргизии в свете новых тенденций применения военной силы // «ЦентрАзия», 07.11.2007. – Режим доступа: https://centrasia.org/newsA.php?st=1194456420
9. Водный кризис не за горами – угроза безопасности во всем мире: доклад ООН. – Режим доступа: https://news.un.org/ru/story/2024/03/1450821
10. Сыдыкбаев Ч.М. Национальные интересы Кыргызстана и проблемы безопасности // Современные проблемы социально гуманитарных наук. – Россия, Казань, 2016, №5, с. 84, 89.
11. Дылдаев М.М. Влияние внешних миграционных процессов на социально-экономическое и демографическое положение КР // Вестник КНУ.
12. Дылдаев М.М., Эшенкулов Т.Т. Урбанизацияланган системалардын туруктуу өнүгүшүнө экология-экономикалык анализ // Известия вузов, 2012, №3.

**Рецензент: Мамытов Т.Б.**